## 3-секция. Педагогика жана психология

УДК 37.091.39

***Мамырасулова Ч.Ж.*** *- окутуучу,*
***Турсунбаева А.С.*** *– окутуучу,*
***Байдулетова Г.С.*** *- окутуучу*

# *“Билим берүүдөгү көйгөйлөр жана эл эңсеген жаңы муун”*

XX кылымдын соңку он жылдыгы коомдук турмушту эн чоң өзгөрүүлөргө бурду. 90-жылдары улуу держава СССР кулап, анын ордуна эгемендүү мамлекеттер өсүп чыгып, мурда тутуп келген өнүгүү жолунан, анын идеологиясынан баш тартып, жаңы-жолду рынок жолун тандап алды. Бул өзгөрүүлөр билим тармагын реформалоону же модернизациялоону талап кылды. Учурда Кыргыз турмушунда аябагандай эбегейсиз кризис өкүм сүрдү. Мунун башкы себеби, бир коомдон экинчи коомго, тоталитардык-буйрукчул системадан жарым-жартылай демократиялык коомго өтүү мезгилиндеги адам баласынын аң сезиминин боштугу, мурдагы түптөлүп түзүлгөн идеалардын кыйрашы жаңы идеаларды алып келүү идеологиясынын жоктугу, рынок шартына байланыштуу калкыбыздын психологиясынын өзгөрүүлөрү, мектептин, мугалимдин, ата-эненин жана окуучунун башына түшкөн экономикалык кыйынчылыктар. Мына ушундай кезде балага өбөк-жөлөк болор мектеп, андан алган билим кемеси.
Мугалимдеридин изденүүсүнө ишмердүүлүгүнө байланыштуу болору тыгыз. Аны үчүн мектеп жана анын мугалими тынымсыз изденүү менен жаңыча жашоого өтүү жолун табуу зарыл. Демек азыркы учурга ылайык мектептерге педагогикалык технологияларды, окутуунун форма жана методдорун өзгөртүү жаңылоо керек. Бир нече предмет менен интеграциялоо (адабият-риторика, адабият-тип-риторика) адабият, ыйман сабагы, окутуунун жамаатташкан ыкмаларын практикалоо, семинар, дисскуссия, адабий сот, адабий жана экологиялык окуу жолдорун колдонуу менен инновациялык билим берүү жагын бала ресурсу, кадр ресурсу, инфраструктура финансы, материалдык-техникалык ресурстар жана тышкы концептуалдык-информациялык, программалык-методикалык, консультативдик, мотивациялык ресурстарды колдонуу жолу менен ишке ашыруусу керек. Бирок азыркы Кыргызстандын экономикалык абалына байланыштуу бул деңгээлге чыгуу кыйын. Компьютердик ыкмада окуучу өзүнүн интелектуалдуулугун сезет, окуу процессин натыйжалуу аткара алат. Ошондуктан бул өтө оор маселе экендиги баарыбызга маалым. Анткени адегенде акчага барып такалат эмеспи. Мектепте билим берүүнү реформалоо менен тактап айтканда ар бир предметтин мазмунун жаңылоо, аны иретке келтирүү, теориялык жактагы принциптер менен катар окутуу процессинин баардык системасын өркүндөтүүнүн методологиясын изилдөө изденүү керек. Демек окутуунун максатын жана милдетин, мазмунун жана көлөмүн жаңыча окутуу технологиясын жана каражаттарын, уюштуруунун формаларын, окутуунун жыйынтыгын текшерип баалоо жолдорун ошондой эле билим берүүчү ар кандай типтеги мекемелердин иштөө шарттарын кайрадан карап чыгуу керек. Бул айтылган реформалоо иш чараларды бир мезгилде баардык деңгээлдеги билим берүү системаларында аткаруу биздин мамлекетибиздин экономикалык абалына байланыштуу мүмкүн эмес. Бирок айрым этаптарын баштоо тез арада ишке ашыруу зарыл иш. Азыркы учурдун талабы жана мектепте билим берүү системасынын милдети башталгыч класстардагы окуучулардын сабаттуулук деңгээлин сактап калуу жана аны көтөрүү, аларды экинчи этапка билим алууга багыт берүү. Өзүбүздүн улутубуздун

арасынан дүйнөлүк ченемде алдыңкы интелектуалдык деңгээлдеги адамдардын келечекте өсүп-жетилүүсүн каалачак, анда жаштарга ар биринин өзүнүн шыгына-жөндөмүнө жана талантына төп келе тургандай окутуп тарбиялап өстүрүү керек. Мындай деңгээлдеги нукура илим-билимдин жана көрөңгөлүү тарбиянын жерпайы катары жаштарга ата-бабалардан калган ата салтын жана эненин адебин туура колдоп үйрөтүүбүз керек. Жашоого же турмушка керек болуучу улуттук макал-лакаптарды туура мааниде чечмелеп түшүндүрүүбүз зарыл жана ошого тете мээримдүүлүктүн, кайрымдуулуктун үрөнүн биз чоң адамдар өзүбүз биринчи болуп чачып, анан аларды жаштарга өндүрүп-өстүрүп алууну байырлатуубуз зарыл.

Жаштарыбызга эң алгач эле каалаган оюбуз: алардын билими дагы, ой тилеги дагы, тарбиясы дагы адам заттын, коомдук жана жамааттык, өз улутунун анын ичинде тууган тушканын ата эненин керегине жараш үчүн, алардын пайдасы үчүн иштеши жана керектелүүсү кажет экендигин алар биринчилерден болуп өздөрү жекече туюшкандыгы дурус. Башкача айтканда бул талаптарды жетишээрлик деңгээлде турмушка ашыруу үчүн биз ата-энелер жана педагогдор ар бир жаш адамга алардын өз жөндөмүнө, шыгына жана талантына жараша талапка ылайык туура келүүчү багыт алдырып окутуп жана тарбиялообуз азыркы учурунда мезгилдин да талабы. Жаратылыштын калыптанышы кулк-мүнөзү жана сезимдүүлүгү боюнча биздин кыргыз эли момун, ак көңүл, шайыр, берешен жана тарыхы өтө тереңде жаткан эл. Бирок ар бир доордун мезгилдин өз кыйынчылыктары өзүнө гана тиешелүү шарттары өзгөрүү же өсүп өнүгүү мыйзамдары түрдүүчө болот. Буларды жаштарыбыз эске алууларыбыз зарыл. Айрыкча азыркы өткөөл мезгилде биринчи кезекте элибизди көбүн эсе келечектин ээси жаштарыбызды руханий жактан бай болууга, тазалыкка суугаруубуз зарыл. Ниетине жараша таза болгон илим билимдүү жана тарбиялуу ата-энеден сөзсүз таза тукум уланат эмеспи. Ал эми жаш бала өз өмүрүнүн башынан эле үй бүлөдө жана коомдо жакшы нерселерди көп көрсө, таза абада узак жүрүп, таза суу жана тамак аш менен тамактанса, жакшы адамдарды көрүп билсе (баарлашса, ай тилектүү чоң ата, чоң энеси же таята таенеси тирүү болуп өссө) колунан жакшы өнөр келген инсандын жанында өсүп жетилсе, анда келечекте ал адамдын ниети таза, пейили кенен болот. Ал эми тескеринче жаштайынан басынып көр жемени көп угуп, турмушта кор болгон инсандын ички көрөңгүсү кем болуп калат. Ошон үчүн өз эмгеги менен жашабаган жегич же мите парокор, мактанчаак же өлүү дүйнөнүн кулу болгон үй бүлөдөн көбүнчө мерез, таш боор, эбегейсиз дүйнөкор, акылы сенек адамдар өсүп чыгат. Зээндүү, акылы зирек, таланттуу жана нерселерге умтулууга билүү үчүн ар бирибиздин умтулуубуз милдеттүү инсандык сапат болуусу зарыл.

Орус жазуучусу А.П.Чехов айткандай сымбаты да, оюу жана тилеги да, бой келбети жана көңүлү да топ келген жаш инсандарды асыроодо жигит жана кыз кезинен назик, таза тарбия көргөн жаштарыбыз кичине кезинен асыл нарктуулукка, каада-салттуулукка, таза кандуулукка жана тукум сыйлоого, таза тукум улоого үйрөнсүн! Боорукерлик, сезимталдык, адамгерчилик орулууларга, майыптарга жана адам баласына жардам берүүгө умтулуу, бирөөлөрдүн жакшылыгын унутпоо, жөнөкөйлүк - бул эмоциялык да адептик да тарбиянын натыйжасы. Чыдамкайлык, сабырдуулук,тартиптүүлүк, өз жүрүш турушуна баа бере билүү, алдына койгон асыл максатына умтулуу бул эрктүүлүккө жана адепке тарбиялоодон келип чыгат. Акыл эсин өстүрүүгө аны машыктырууга да тереӊ билим менен жогорку интелект жана эрктүүлүк зарыл. Адамгерчиликке тарбиялоодо жана аны түздөн түз өзгөртүү, нукура билим жана өрнөктүү тарбия жетишээрлик билим алган адам гана терс эмоцияларын жаап жашырууга аракет жасайт. Өзүмчүлдүк, ач көздүк, дүнүйө кордук жана мансап кордук ички дүйнөсү кең адам үчүн жат нерсе. Алар камкор жана

боорукер болушат. Өз мүмкүнчүлүгүн жана жүрүм турумун туура баалай билген инсан негизсиз жана майда кайгы кападан алыс болот.
Жаштарыбыз эмгекти баалай билүү үчүн таза эмгектене билүүнү үйрөнүүсү зарыл. Эмгекти сүйүү ак ниеттүүлүк жана тырышчаактыктан келечекте өз максатына жетип, тиешелүү канааттанууну таба алат. Өзүн-өзү сыйлаган ар бир жаш адам чыр чатактан алыс болуп, аны болтурбоого аракет кыла билүүгө өзүн үйрөтсө болот. Ошондо гана адамдын ажарын ачып, дегеле инсаны коомго керектүү, эл арасында кадыр-барктуу даражага жетет. Келечек жаштардыкы алар муну өздөрү деле сезишет. 21кылым маалыматтын жана өнүккөн технологиянын кылымы болот. Демек биз азыртадан ата-энелер, педагогдор өз жаштарыбыздын тарбиясы жана интелектиси боюнча аларды келечек үчүн даярдашыбыз талапка ылайыктуу. Бул орчундуу милдеттерди жүзөгө ашырууда өз жаштарыбызга билим берүүдө жана тарбия көргөзүүдө алардын ар биринин жекече шык –жөндөмдөрүнө, акыл-сезимдеринин деңгээлине жана сапатына жараша жүргүзүүбүз зарыл. Бул негизги талаптардын так жана туура орундалышында биринчи кезекте жаштар өздөрү, анан ата-энелер,педагогдор жана чоң адамдар жана ошондой эле жалпы эле коомубуз үй бүлөдө, анын сапаттуу куралышынан, чын жана таза болушунан келечектеги көп жакшы негиздеги ийгиликтер көз каранды болот. Алтын сыпаттуу жана көрөңгөлүү үй бүлө таза жана жай аккан дарыяга, ал эми салттуу окуу жайы болсо, байтүп даракка окшош.
Ал эми өз традициясы бар, байманалуу илим-билимге ээ болгон жана акактай таза, нукура тарбия бере турган көрөңгөсү бар окуу жайы чын эле байтүп дарак сымал. Анткени жаш адам оргуп чыккан таза булак же жаңы бүчүр байлаган чырпыкка окшош. Аларды туура жолго буруу, нукура жана жеткиликтүү билим сиңирүү, туура жана адептүү таалим-тарбия берүү же көргөзүү биринчи кезекте ата-эненин (демек, үй бүлөнүн) чоң адамдардын (коомдун, жамааттын) жана кесипкөй педагогдордун алдындагы эң жооптуу милдеттери болуп саналат. Ошентип, жаштарга кайсы куракта болбосун нукура таза  илим-билим берүүбүз жана өрнөктүү, таза таалим-тарбия көрсөтүүбүз абзел. Жаш адамдын жан дүйнөсү туура, сапаттуу жана таза калыптанышы үчүн ата-энелер, педагогдор жана жалпы эле чоң адамдар коом алдында жоопкерчиликтебиз. Аны сезе жүргөнүбүз  оң. Анткени азыркы доор, заман жана коомдук мамилелер түп –тамырынан бери алмашып жаткан мезгилде булардын туура нукта калыптануусу көбүн эсе адамдардын өздөрүнө байланыштуу болот эмеспи.